| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>НООКЕН РАЙОНУ<br>БҮРГӨНДҮ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКЕНСКИЙ РАЙОН<br>БУРГАНДИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|

Бүргөндү айылдык кеңешинин
XXVIII чакырылышынын кезектеги XVII сессиясы

Жаңы-Арык айылы **№_20_-ТОКТОМУ** 16-февраль 2023-жыл

**“Кызыл-Кыя айылындагы № 24 Ө.Каипов мектебинин аймагынан өтүүчү Майлуу-Суу чоң унаа жолуна окуучулар каттоо үчүн унаалардын ылдамдыгын азайтуучу асфальт төшөө жана жол белгисин койдуруу жөнүндө”**

Бүргөндү айылдык кеңешинин депутаты Б.Саттаровдун Кызыл-Кыя айылындагы № 24 Ө.Каипов мектебинин чегине Майлуу-Суу чоң унаа жолуна окуучулар өтүү үчүн унаалардын ылдамдыгын азайтуучу асфальт төшөөгө тиешелүү чечим кабыл алып берүү жөнүндөгү кайрылуусун угуп жана талкуулап Бүргөндү айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги XVII сессиясы

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Бүргөндү айылдык кеңешинин депутаты Б.Саттаровдун кайрылуусу эске алынсын.

2. Кызыл-Кыя айылындагы № 24 Ө.Каипов мектебинин аймагынан өтүүчү Майлуу-Суу чоң унаа жолуна мектеп окуучулардын коопсуздугун алдын алуу максатында окуучулардын каттоосу үчүн унаалардын ылдамдыгын азайтуучу асфальт төшөө жана жол белгилери коюлсун.

3. Көрсөтүлгөн аймака унаалардын ылдамдыгын азайтуучу асфальт төшөө жана жол белгилерин коюуу үчүн тиешелүү мекеме, ишкана уюм жетекчилигине кайрылуу жасоо жана тиешелүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысы З.Арстанбековго милдеттендирилсин.

4. Бул токтом массалык маалымат каражаттарына же сайтка жарыялансын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин Эл чарбасы, айыл чарбасы, өнөр жай транспорт жана энергетика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Абдиевке милдеттендирилсин.

**Бүргөндү айылдык кеңешинин төрагасы:** **Б. Кубатов**